www.manas.edu.kg

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ
Спорт илимдери факультети
Машыктыруучуларды даярдоо бөлүмү
Курстун программасы

Курстун коду	Курстун аты (Кыргызча)	Курстун аты (Түркчө)	Семестр	Апталык саат	Кредит	ECTS
BSA-425	СПОРТ МЕТРОЛОГИЯСЫ	ANTROPOMETRİ	7	2 + 2	3	4

Курстун деңгээли	Бакалавр
Курстун түрү	Талаптуу
Курстун мугалими	Проф.док. Джипаркуль Абдырахманова
Курстун тили	Кыргызча
Жардамчылар	*
Аудитория	517
Курстун максаты	Студенттерге спортто текшерүүнүн теоретикалык негиздери жөнүндө маалымат жана анын мазмуну жөнүндө, текшерүү методологиясы жөнүндө түшүнүк берүү, ченөө жыйынтыктарына баа берүү жана анализ жүргүзүүгө мүмкүндүк берген изилдөө иштерин жүргүзүүнү үйрөтүү.

Колдонулуучу адабияттар		
	Колдонулуучу адабияттар	**Адабияттын түрү**
1	1. Смирнов, Ю. И. Спортивная метрология: Учебник для студ. пед. ВУЗов / Ю. И. Смирнов. – М.: Академия, 2000. – 232 с.	Китеп
2	2. Начинская, С. В. Спортивная метрология: Уч. пособ. для ВУЗов / С. В. Начинская. – М.: Академия, 2005. – 240 с.	Китеп
3	3. Годик, М.А. Спортивная метрология: Учебник для ИФК / М.А. Годик. – М.: Физкультура и спорт, 1988. -192 с.	Китеп
4	4. Спортивная метрология: Учебник для ИФК /Под ред. В. М. Зациорского. - М.: Физкультура и спорт, 1982. – 256 с.	Китеп
5	5. Акбанова Г.А., Абдырахманова Д.О., Иманалиев Т.Т Спорт метрологиясы: Окуу куралы –Б.: Айат.2015. – 304б.	Китеп
6	6.Бочаров, М. И. Спортивная метрология: учеб. пособие / М. И. Бочаров. – Ухта УГТУ, 2012. – 156 с.	Китеп

Жетишилчү жыйынтыктар	
1	1) Спортметрологиянын негизги түшүнүгүн ачыктайт.
2	2) Окутуу-машыктыруу процессинде метрологиянын ролун. Ыктымалдык теориясынын, математикалык статистиканын, тест жана баалоо теорияларынын негизги түшүнүктөрүн. Дене тарбияда жана спортчуларды даярдоодо текшерүүнүн метрологиялык негиздерин билет.
3	3) Ченөө шкалаларын, каталыктарын, бирдиктерин; педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын иштеп чыгуунун статистикалык методдорун; тесттер теориясы, тесттердин ишенимдүүлүгү жана маалыматтуулугу, тесттерге коюлган метрологиялык талаптарын билет.
4	4) Метрологияда спортто коюлган негизги талаптар жана жоболор, адамдын кыймылдаткыч функциясынын параметрлерин катто жана ченөө куралдары жана методдорун; дене тарбия жана спорт тажрыйбасында педагогиканын негиздери жана аны пайдалануу; спортто спорттук ченөөлөрдү баалоонун негизги жоболорун жана тестирлөөнүн метрологиялык принциптерин, спортто божомолдоо жана тандоо жолдорун билет.
5	5) Кесиптик ишмердүүлүктө заманбап методдорду жана ыкмаларды колдонууну, кесиптик ишмердүүлүк чөйрөдө илимий изилдөөлөрдү уюштуруу жана жүргүзүүнү, медициналык-биологиялык методдорду колдонуу менен машыккандардын абалын, физикалык жүктөмдөрдүн аларга тийгизген таасирин контролдоо жана аларга коррективa киргизүүнү, машыккандардын иш-аракетинин жыйынтыктарына жараша жеке окутуучулук, тренердик-педагогикалык жана спорттук-уюштуруучулук ишмердүүлүккө коррективa киргизүүнү аткара алат.
6	6) Спортчулардын жалпы жана атайы физикалык даярдыгын баалоо, спорттук жыйынтыгын божомолдоо, спортчуларды тандоо максатында тесттердин комплексин түзүүнү; тестирлөө жыйынтыктарын туура баалоо жана аларды туура интерпретациялоону; алынган тест жыйынтыктарын спорттук ишмердүүлүктү башкаруу тажрыйбасында колдонууну.

Жетишилчү жыйынтыктар	
7	Метрологиялык ченөөлөрдү, изилдөөдөн алынган материалдарды иштеп чыгуу жана интерпритациялоо, ошону менен бирге курстук жана дипломдук иштерди даярдоо жана жазуу практикасында аларды колдоно билет.

Курстун планы	
Апта	**Темасы**
1. Апта	Спорттук метрологияга киришүү. Спорттук метрологиянын негиздери. Эсептик-графикалык иш 1: Ченөөдөгү катачылыктарды эсептөө.
2. Апта	Дене тарбиясы жана спортто өлчөө жыйынтыктарын иштеп чыгуунун статистикалык методдору Бир түрдүү көрсөткүчтөрдүн ырастыгын аныктоо.
3. Апта	Дене тарбия жана спортто өлчөө жыйынтыктарын иштеп чыгуунун статистикалык методдору. Эсептик-графикалык иш 2: Борбордук тенденциянын көрсөткүчтөрүн эсептөө жана тандалма жыйындылардын ырастыгын баалоо.
4. Апта	Тесттердин жана педагогикалык баалоолордун математикалык-статистикалык негиздери. Спортто колдонулуучу математикалык-статистикалык методдор. Эсептик-графикалык иш 3: Корреляциялык анализ.
5. Апта	Тесттердин жана педагогикалык баалардын математиккалык-статистикалык негиздери. Эсептик-графикалык иш 4: Тесттердин ишенимдүүлүгүн жана маалыматтулугун баалоо.
6. Апта	Спорттук машыгууларды башкарууну көзөмөлдөө.
7. Апта	Сапаттык көрсөткүчтөрдү сандык жактан баалоонун методдору.
8. Апта	I виза.
9. Апта	Тренажерлор спортчунун даярдыгын контролддоонун техникалык каражаты катары. Тренажерлор жана окутуучу курулуштар
10. Апта	Спортчулардын физикалык, техникалык жана тактикалык даярдыгын көзөмөлдөөнүн метрологиялык негиздери. Лабораториялык иш: Оперативдүү текшерүү
11. Апта	Спортто текшерүүнүн ар түрдүүлүгүнүн метрологиялык мүнөздөмөлөрү. Лабораториялык иш: Спортчулардын чыдамкайлыгын тестирлөө.
12. Апта	Спортчулардын машыгуучулук жана жарыштык жүгүн көзөмөлдөөнүн метрологиялык негиздери. Лабораториялык иш: Дене тарбияда кезектеги текшерүү
13. Апта	Спортчулардын машыгуучулук жана жарыштык жүгүн көзөмөлдөөнүн метрологиялык негиздери. Лабораториялык иш: Динамометрикалык түзүлүштөр аркылуу күчтү ченөө.
14. Апта	Дене тарбияда жана спортто комплекстүү көзөмөлдөөнүн метрологиялык негиздери. бирдиктүү спорттук квалификациянын жана «ден соолук» комплексинин метрологиялык мүнөздөмөсү. Лабораториялык иш: Ийкемдүүлүктү көзөмөлдө.
15. Апта	Спортчуларды көзөмөлдөөнүн инструменттик-аспаптык методдору. Спортчунун абалы жана текшерүүнүн түрлөрү.
16. Апта	Спорттогу прогноздоо жана тандап алуу. моделдүү мүнөздөмөлөрдүн метрологиясы.

Баалоо			
Баалоо каражаты	**Саны (даана)**	**Үлүшү (%)**	**Жалпы үлүшү**
Арасынак	1	40	**40**
Финал сынагы	1	60	**60**